# Кимде-ким сарымсак же пияз жесе, бизге (же биздин мечитибизге) жолобой үйүндө отурсун"

Жабир бин Абдуллах (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким сарымсак же пияз жесе, бизге (же биздин мечитибизге) жолобой үйүндө отурсун" . Бир жолу Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сарымсак, жашылчалар кошулган тамак салынган идишти алып келишти эле, андан жагымсыз жытты байкап, эмне кошулганын сурады. Алар анда сарымсак бар экенин айтышты. Ал аны ошол жердеги бир сахабасына бергиле деди. Кийин тиги сахабанын тамакты жебей отурганын көрүп: "Сен жей бергин. Мен сен байланышпаган бирөө менен байланышам" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Жамаат намазга келген мусулман бир туугандарына зыян бербөөсү үчүн, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) пияз же сарымсак жеген адамды мечитке келүүдөн тыйган. Бул тыюу пияз менен сарымсакты жештен эмес, жегенден кийин мечитке келүүдөн тыйган жеңил тыюу. Бул жашылчалар жегенге боло турган жашылчалар. Бир жолу пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жашылчалар салынган казанды алып келишкенде, андан жагымсыз жытты байкап жана ага анда сарымсак бар экенин айтышканда, аны өзү жебей, бир сахабасына бердирет. Ал сахаба да пайгамбарды ээрчип аны жебей отурганын көрүп: Сен жей бер. Мен аян-кабар алып келген периште менен байланышам - деген. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) периштелер да адамдар сыяктуу жагымсыз жытка жийиркенерин айткан.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4850

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee